**УДК: 37.035:398.2:502/504**

# ЖОМОКТОРДОГУ ПЕДАГОГИКАЛЫК ИДЕЯЛАР ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК ТАРБИЯНЫН БЕРИЛИШИ

**Заилова Жумагүл Жусупбаевна,**
Ош мамлекеттик педагогикалык университети,
окутуучу, zzailova87@mail.ru ,
ORCID 0009-0004-5467-6177
**Абдибалиев Эмилбек Абдыбаитович,**
Ош мамлекеттик педагогикалык униврститети,
п.и.к., emil.osh2012kg@mail.ru
ORCID 0009-0009-3157-801X
**Заилова Тураргүл Жусупбаевна, Баткен району,**
Бото Нарматов атындагы орто мектеби,
кыргыз тили жана адабияты мугалими,
turargulzailova85@gmail.com

**Аннотация**. Бул макалада башталгыч класста жомок, аңгемелердеги педагогикалык идеяларды жана экологиялык тарбиянын берилишин С.Казыбаевдин “Адамдын пейили” жомогунун, С.Рысбаевдин “Үзүлбөй калган гүлдөр” чыгармасынын мисалында талдоого алдык. Азыркы коом дүйнөдөгү оор экологиялык кырдаал менен мүнөздөлөт. Экологиялык маселелер ар кандай деңгээлде каралып, дүйнөдөгү экологиялык абалды жакшыртуу боюнча түрдүү чаралар көрүлүүдө. Ал эми ушуга байланыштуу азыркы педагогиканын актуалдуу милдеттеринин бири экологиялык маданиятты калыптандыруу болуп саналат. Демек, балдарга экологиялык тарбияны жана алардын ар тараптан өнүгүүсүнө жомоктордун да орду бар экенин көрсөттүк. Жомоктор балдардын инсандык сапаттарын, баарлашуу жөндөмдөрүн, адеп-ахлактык баалуулуктарды, табият менен таттуу мамилесин калыптандырууда маанилүү роль ойнойт. Жомоктордун экологиялык тарбия берүүдөгү маанисин жана алардын балдарга табиятты сүйүү жана аны сактоо жөнүндөгү түшүнүктөрдү берүүдө кандай роль ойногону, педагогикалык таасири көрсөтүлдү. Балдарга токойлордун жер бетиндеги жашоого кандайча жардам берип жатканын түшүндүрүп, аларда табиятка болгон сый мамилени калыптандыруу жана бак-дарактарды кыюу өсүмдүктөр жана жаныбарларга гана эмес, адамдарга да олуттуу коркунучтуу экенин түшүндүрүүнүн маанилүүгү “Адамдын пейили” чыгармасы аркылуу сүрөттөлдү.

**Ачкыч сөздөр**: жомок, экология, тарбия, чыгарма, табият, жаратылыш, педагогикалык идея, принциптер ж.б.

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ИДЕИ И ТРАНСЛЯЦИЯ ЭКОЛОГИЧЕСКОГО ОБРАЗОВАНИЯ В СКАЗКАХ

**Заилова Жумагүл Жусупбаевна,**
Ошский государственный педагогический университет,
г.Ош, Кыргызская Республика, преподаватель, zzailova87@mail.ru ,
ORCID 0009-0004-5467-6177
**Абдибалиев Эмилбек ,**
Ошский государственный педагогический университет,
г.Ош, Кыргызская Республика, к.п.н., преподаватель,
emil.osh2012kg@mail.ru
ORCID 0009-0009-3157-801X
**Заилова Тураргуль Жусупбаевна,**
Баткенский район,
Средняя школа имени Бото Нарматова,
учитель кыргызского языка и литературы,
turargulzailova85@gmail.com

**Аннотация.** В данной статье мы проанализировали педагогические идеи и трансляцию экологического воспитания в сказках и рассказах в начальной школе на примере сказки С. Казыбаева «Сердце Человека» и произведения С. Рысбаева «Нераспустившиеся цветы». Современное общество характеризуется сложной экологической ситуацией в мире. Экологические проблемы решаются на разных уровнях, и принимаются различные меры по улучшению экологической ситуации в мире. В связи с этим одной из актуальных задач современной педагогики является формирование экологической культуры. Таким образом, мы показали детям, что сказки имеют место в экологическом образовании и их всестороннем развитии. Сказки играют важную роль в формировании у детей личностных качеств, коммуникативных навыков, нравственных ценностей и любящего отношения к природе. Показано значение сказок в экологическом воспитании, их роль и педагогическое воздействие в формировании у детей представлений о любви к природе и ее сохранении. Важность объяснения детям того, как леса помогают жизни на Земле, воспитания у них уважения к природе, разъяснения того, что вырубка деревьев представляет серьезную угрозу не только для растений и животных, но и для человека, была проиллюстрирована в произведении «Доброта человека».

**Ключевые слова:** сказка, экология, воспитание, труд, природа, педагогическая идея, принципы и т. д.

## PEDAGOGICAL IDEAS AND THE TRANSMISSION OF ECOLOGICAL EDUCATION IN FAIRY TALES

**Zailova Jumagul ,**
Osh State Pedagogical University,
Osh, Kyrgyz Republic, lecturer,zzailova87@mail.ru ,
ORCID 0009-0004-5467-6177
**Abdibaliev Emilbek,**
Osh State Pedagogical University,
Osh, Kyrgyz Republic, lecturer, zzailova87@mail.ru ,
тел: 0777559487, ORCID 0009-0004-5467-6177
**Zailova Turargul ,**
Batken district,
Boto Narmatov secondary school,
teacher of Kyrgyz language and literature,

**Abstract**. In this article, we analyzed the pedagogical ideas and the transmission of environmental education in fairy tales and stories in elementary school using the example of S. Kazybaev's fairy tale "Adam's Heart" and S. Rysbaev's work "Unbroken Flowers". Modern society is characterized by a difficult environmental situation in the world. Environmental issues are considered at different levels, and various measures are being taken to improve the environmental situation in the world. In this regard, one of the urgent tasks of modern pedagogy is the formation of an ecological culture. Therefore, we have shown that fairy tales also have a place in environmental education for children and their comprehensive development. Fairy tales play an important role in shaping children's personal qualities, communication skills, moral values, and a sweet relationship with nature. The importance of fairy tales in environmental education and their role in instilling in children the concepts of love for nature and its preservation, as well as their pedagogical impact, are shown. The importance of explaining to children how forests help life on Earth, instilling in them a respect for nature, and explaining that cutting down trees is a serious danger not only to plants and animals, but also to humans, was illustrated through the work “The Kindness of Man.”

**Keywords:** fairy tale, ecology, education, work, nature, nature, pedagogical idea, principles, etc.

**Киришүү.** Башталгыч класста балдарды маалыматты эстеп калууга гана эмес, ойлонууга, анализдөөгө, суроо берүүгө жана чечүү жолдорун табууга үйрөтүү маанилүү. Мында жомоктордун да орду бар. Анткени жомоктор бир гана кызыктуу жана фантастикалык

окуяларга эмес, балдарды тарбиялоонун жана окутуунун негизги каражаттарынын бири. Анда турмуштук тажрыйба, адеп-ахлактык принциптер жана экология тууралуу билимдер айтылып келет. Жомоктордо катылган тарбиялык идеялар балдарда адилеттик, боорукердик, кайраттуулук сезимин калыптандырууга, табият менен таттуу мамиледе жашоого үйрөтөт. Биз бул макалада башталгыч класстын окуу программасында берилген жомоктордогу педагогикалык идеялары жана экологиялык тарбиянын берилишин талдоого алабыз.

Негизги бөлүк. Башталгыч класстын окуучуларынын инсандык сапаттарын, баарлашуу жөндөмдөрүн калыптандырууда, адеп- ахлак нормалында, окуу процессинде тарбиянын таасири чоң. Бул этапта мугалимдердин милдети балдарды ар тараптуу өнүктүрүп, негизги билимдерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүүгө, айлана- чөйрө менен таттуу мамиледе боло турган шарттарды түзүү болуп саналат.

Гуманисттик психологияда мугалим менен окуучулардын сүйлөшүүсүнө, бири-биринин ички дүйнөсүн үнсүз кабыл алууга, педагогикалык иштин бардык катышуучуларынын окууга умтулуусуна артыкчылык берилет, анткени ар бир инсан чыгармачыл потенциалга жана кайталангыс тажрыйбага ээ. Бүгүнкү күндө окуучунун чыгармачыл табиятын ачуу олуттуу болуп, “чыгармачылык биздин жашоодон ажырагыс экендиги, чыгармачылыкка тыюу салуу өзгөчө инсандын деңгээлинде “оорууну” чакыра тургандыгы” мугалимдик кесиптеги абдан маанилүү ачылыштардын бири болуп эсептелет. Демек, башталгыч класстын окуучуларынын чыгармалык жөндөмүн, жаштайынан чынчылдыктын, боорукердиктин, өз ара жардамдашуучулуктун, башкаларды сыйлоонун, табиятка аяр мамиле жасоосун, жоопкерчиликтин негиздерин биз жокмоктор аркылуу берилген тарбиядан да көрө алабыз. Жомок деген эмне? [1,15]

Жомок – оозеки чыгармачылыкта кеңири таралган, көбүнчө ойдон чыгарылган окуялардын апыртмалуу, фантазиялуу чагылдырылган, сюжети кызыктуу баяндама түрүндөгү чыгарма.

Жомоктор – балдарга идеал жаратуучу жанр. Балдар андагы каармандардан үлгү алып, ошолордой күчтүү, шамдагай, күрөшүүчү болгусу келет. Кыргыздар жомоктордо, мисалы, чечендиктин идеалын – Жээренче чечен, саяпкер-сынчылыктын идеалын – Толубай, акылмандыктын идеалын – Акыл Карачач ж.б. каармандар аркылуу чагылдырган.

Жомоктор – балдардын таанып-билүүсүн өстүрүүдө абдан ийкемдүү жанр.

Жомоктор – эң негизгиси педагогикалык чыгарма, анда табиялоо функциясы аткарылат, элдик мораль биринчи планга чыгат, аларда мекенчилдикке тарбиялоо, акыл-эс тарбиясы, эстетикалык тарбия баары бирдей алып жүрүлөт. [2,2]

Башталгыч мектептерде экология маселелерин окутуу балдарга учурдагы экологиялык кризистер жөнүндө маалымат берүү менен чектелбестен, алардын жаратылышка болгон сый-урматын жана жер планетасынын келечеги үчүн жоопкерчилик сезимин тарбиялоо болуп саналат. Курчап турган чөйрөнү коргоонун маанилүүлүгүн түшүнгөн балдар аны сактоого активдүү катышып, бул билимди, тажрыйбаларды кийинки муундарга өткөрүп беришет. Маселен, токойлордун жер планетанын өпкөсү, көмүр кычкыл газын сиңирип алуу жана кычкылтек менен камсыз кылуучу экенин түшүндүрөбүз. Өкүнүчтүүсү токойлордун кыйылышы экологиялык тең салмактуулуктун бузулушуна алып келип, климаттын өзгөрүшүн тездетет. Балдарга токойлордун жер бетиндеги жашоого кандайча жардам берип жатканын түшүндүрүп, аларда табиятка болгон сый мамилени калыптандыруу жана бак-дарактарды кыюу өсүмдүктөр жана жаныбарларга гана эмес, адамдарга да олуттуу коркунучтуу экенин түшүндүрүү маанилүү. Бул боюнча башталгыч класста 4- класстын адабий окуу предметинде С.Казыбаевдин “Аадамдын пейили” жомогунда берилет.

Кичинекей кыштакта жашаган абышка менен кемпирдин жашоосу аркылуу, адамдын ички дүйнөсү, табиятка болгон мамилеси жана анын кесепеттеринин терең философиясын чагылдыруу менен экологиялык тарбияга өзгөчө көңүл бурат. Жомоктун башында абышка жана кемпирдин жашоосунун кыйынчылыгы, жөнөкөй адамдар катары каралат. Абышка, отун алып келүү менен күн көргөн бир кедей адам катары көрсөтүлүп, анын чыныгы мээрими жана жашоо үчүн күрөшү айтылат. Бирок, анын жашоосундагы негизги педагогикалык идея — ал

өзүнүн иши менен, бешене тери менен иштеп жүрүп, жокчулуктун айынан жаратылышка карата зордук- зомбулугу сүрөттөлөт.

Жомокто: Абышка токойго келип, майда отун таппады. Таппады да, бир арчага келди. «Ушуну кыйсам жазга чейин отун болор...» – деп ойлоду да, балтасын бар күчү менен өйдө көтөрүп, шилтей турган болду. Ошондо баягы арчага адамча тил бүтүп:

– О, ак ниет абышка, сен мени кыйба... – деп мээримдүү сүйлөдү. Абышка арчага таң кала карап, жерге отурду. Алсыз дем алып, чекесинин терин сүрттү.

– Сени кыйбасам, күндүн суугунда кемпирим экөөбүз кантебиз. Үйдө жээрге бир сындырым наныбыз калбады... Отун сатып жан баккан бир бечарамын да... – деп ичинде сүйлөп жатты.

– Мен сенин абалыңды түшүнөм. Андан көрөкчө, менин бутагымды карачы. Бутагымда кичинекей баштык илинип турат. Колуңа алсаң, ичинде алтын тыйындар бар. Алгын да ыраазы бол, ак ниет абышка.... – деп берилет. Абышканын акчаны алып кемпири менен бай болуп жашап калуусу, арадан күндөр өтүп, “Адамзат бакытка тойбойт”- дегендей, барга топук кылбай кийими бүтүн, үйү жылуу, тамактары жетерлик болгонуна карабай ачкөздөнүп кайра арчаны кыюуга барып өлүмгө дуушар болгону айтылат. Абышканын акыркы кадамы — бул экологиялык баланска жана табиятка болгон сый-урматтын бузулушунан кабар берет. Биз бул жомок аркылуу окуучулардын жаратылышка болгон сүйүүсүн, аяр мамилесин, өсүмдүктөр да жаратылыштын бир бөлүгү экенин үйрөтүү менен ачкөз, ташбоор сыяктуу терс сапаттардан оолак болууга тарбиялай алабыз. [3,46]

Балдар дайым эле көрүп жүргөн жөнөкөй эле гүлдөрдүн сакталышы жана алардын кооздугуна болгон көз караш аркылуу экологиялык билим берүүчү С.Рыспаевдин “Үзүлбөй калган гүлдөр” чыгармасында: табигатка сый-урмат менен мамиле кылуу, табиятты жаратылыштын өзгөчөлүктөрү аркылуу түшүндүрүү, жаратылыштын кайра калыбына келиши сыяктуу педагогикалык идеяларын белгилесек болот. Анткени балдар гүлдөрдүн кандайча өсүп, гүлдөп, кайра жанданары түшүнүгүнө ээ болушу керек. Текстте гүлдөрдүн "жыпар жыттуу" жана "кооз" болушу алардын табигый касиеттеринин баалуу экени, балдардын талаадагы көп сандагы кооз гүлдөрдүн гүлдөп турганына суктануу менен аларды үзүүсү жөнүндө айтылат. Текстте төмөнкүдөй берилет:

-Дагы бир топ балдар гүл жайсаңды тепсей аралап келип:

– Мына бул гүлдөрдү терезеге коюп койсо, кандай үй болсо да көркүнө чыкпай койбойт. Атам, апамдар ырахмат айтышат, – деп дагы канча гүлдөрдүн сабактарын жетим калтырып, үйлөрүнө кайтышты. Үзүлбөй калган гүлдөр ансайын намыстанышып:

– Мени деле атасына, апасына, байкесине, эжесине алпарып белек кылса, мен деле аларды чексиз кубанычка бөлөмөкмүн да. Жалгызсырап, ээн талаада калып, эмне кылмак элем...

Мен деле үйдүн терезесинде турсам, ошондон кем калышпай көркүнө чыгармакмын...

– Мени деле үзүп алып ыракаттанып жыттаса, кандай бактылуу болмокмун... – деп ыргаган желге термелишип, үйлөрүн көздөй кеткен кыздар менен балдарды томсоро карап кала беришти...-деп, андан соң кечки шамалга үзүлчүдөй болуп кыйналган гүлдөрдүн балдар алып кеткен гүлдөргө суктанганы, бирок жаан- чачын, шамал токтоп эртеси эрте мененкисин - Гүлдөр да жадырай күнгө жүздөрүн тосуп, биринен - бири сулуу көрүнүп, таажылары барпайып ачылып баратты. Эх, кечээги балдар менен кыздар буларды да үзүп кетпегени кандай гана жакшы болду дейсиң! Бул гүлдөрсүз дүйнө мынчалык кооз болот беле?! Буларсыз табият энебиз сулуу боло алат беле?! –деп укмуш сүрөттөлөт. Муну менен балдарга табигатты сактоонун маанилүүлүгү жөнүндө айтып, жаратылышты урматтоого, мектепте же бала бакчада экологиялык тарбия бергенде, бул гүлдөрдү үзбөө менен эле эмес, алардын жашоо цикли, гүлдөшү, даамы жана жытын түшүнүүгө көмөк көрсөтсөк натыйжалуу болот деп эсептейбиз. Айрым учурларда коомдук жайлардагы атайын өстүрүлгөн көрктөндүрүүчү өсүмдүктөрдү, гүлдөдү тебелеп-тепсеп, үзүп жаткандан жаштарды кезиктирип жүрөбүз. Демек, ошондой кадамга барбоо үчүн экологиялык тарбияны күчөтүү зарыл. [4,61]

Элдик педагогикада табият менен адамдын турмуштагы кездешүүсү чоң мааниге ээ, анткени кыргыз элдик дүйнө таанымында табият менен адам тыгыз байланышта, ажырагыс деп эсептелген. Табият — бул адамдын руханий, моралдык жана физикалык жактан өсүп-өнүгүүсү үчүн маанилүү тарбия берүүчү негизги нерсе болуп саналат. Элдик педагогикада жаратылыш адамдын жеке турмушунун, жашоосунун бир бөлүгү катары каралат жана табият менен байланышта болуу балага жакшы сапаттарды өздөштүрүүгө, анын иш-аракеттерин туура багыттоого жардам берет. Маселен, ыргыз элдик жомоктору — бул өтө бай жана көп кырдуу мифологиялык, моралдык жана тарыхый мурас. Аларда адамдын турмуштук тажрыйбасы, адеп-ахлактык принциптер жана экология тууралуу терең ойлор чагылдырылып, жашоонун ар тараптуу жактарынын гармониялуу байланыштарын баяндайт. Мындай жомоктор аркылуу жаш муундарга өткөн муундардын билимин, турмуштук тажрыйбасын жана табигатка болгон мамилесин үйрөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Демек, жомоктун маданий-этникалык функциясы жомоктун этноулуттук өзгөчөлүгүн ачып, калыптануусуна жана тарыхына сугарууга мүмкүндүк берүү менен элдин өнүгүшү, алардын турмуш образынын өзгөчөлүктөрү, каада-салты жана үрп-адаттары, тилинин улуулугун көрсөтөт. Демек, жомок аркылуу ар бир угуучу, өзгөчө балдар этникалык маданияттын бардык байлыгын өздөштүрүп, алардын тарыхый тажрыйбасы менен тааныша алат. Ошондуктан Сухомлинский: “Жомок-бул элдик маданияттын руханий байлыгы, бала өз жерин жүрөгү менен тааныйт” деп жазган. “Булбул” деген жомокту алсак, башында чал жана булбул бири-бирине жардам берүү аркылуу өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн жана таланттарын ачышат. Ал жомокто:

Күндөрдүн биринде булбул чалдын күүсүнө кызыгып:

- Досум, мага күүлөрүңдү үйрөтүп койчу, - дейт.

- Макул,- деген чал ар күнү кийиктен келгенде комузун колуна алып, ар кандай мукам күүлөрдү кубулжута сайратып черткенде булбул тыңшап, анын күүлөрүн тууратанга тили жатыга баштайт да, аздан-аздан үйрөнүп кетет. Бара-бара тим эле комуздай таңшытып, бүт үйрөнүп алат - деп берилет. Мунун педагогикалык идеясы балдарга кандайдыр бир өнөрдү үйрөнүүдө сабырдуулук, тартип жана тажрыйбадан үйрөнүү маанилүү экенин көрсөтөт. Жомоктогу чал менен булбулдун ортосундагы мамиле табигаттын дүйнөсү менен адам баласынын терең байланышта экенин көрсөтөт. Булбулдун ырын тыңшаган эл анын үнүн уккусу келет. Албетте бул экологиялык тарбияга байланыштуу адамдар табигаттын ар түрдүү үндөрүн жана жаныбарлардын жашоосун тыңшап, алардын ар биринин уникалдуулугун түшүнүшү керек экендигин билдирет. [5]

Жыйынтыктап айтаканда, экологиялык билим берүүнүн негизги максаты айлана-чөйрөгө аң-сезимдүү мамиле жасоочу жаш муундарды тарбиялоо деп эсептейбиз. Аны жомок аркылуу берүү менен карайбыз. Анткени жомоктор элдик маданияттын руханий байлыгы, бала өз жерин жүрөгү менен тааныйт. Уникалдуу жол менен жомок этностун портретин түзөт, анткени жомоктун каармандарынын ойлору, өкүмдөрү, маанайы жана кыймыл-аракеттери адеп-ахлак жөнүндө маалыматтарды камтыйт. Адам менен табияттын ортосундагы байланышты туура түшүнүү, табияттагы ар бир элементке кайдыгер карабастан, аны сүйүү, сактоо - бул элдик тарбиянын негиздери. Анткени элдик педагогикада табият адамдардын жүрүм-турумун, адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда чоң роль аткарат. Мисалы, балдарга табиятты туура пайдалануусун үйрөтүү, өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды урматтоо - бул моралдык жана руханий тарбиянын бөлүгү. Табияттын ар бир көрүнүшү - күндүн чыгышы жана батуусу, дарактардын өсүшү, жаныбарлардын жөрмөлөп жүрүшү - булар адамга сабак берет. Элдик педагогикада табиятка болгон сый-урматты үйрөтүү аркылуу адамдын адептүүлүгү жана жоопкерчиликти сезүү жөндөмдүүлүгү калыптанат. [6]

Азыркы коом дүйнөдөгү оор экологиялык кырдаал менен мүнөздөлөт. Экологиялык маселелер ар кандай деңгээлде каралып, дүйнөдөгү экологиялык абалды жакшыртуу боюнча түрдүү чаралар көрүлүүдө. Ал эми ушуга байланыштуу азыркы педагогиканын актуалдуу милдеттеринин бири экологиялык маданиятты калыптандыруу болуп саналат.[7]

Дайыма тынымсын тарбиянын негизги катары балдарды ар тараптан тарбиялоодо жомоктордун орду чоң экендиги талашсыз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Койнова- Цёльнер Ю.В., Башталгыч мектепте активдүү окутуунун педагогикалык технологиялары
2. Шербаева, Ж. Р. "Жомок" жана "адабий жомок" түшүнүктөрүнүн теориялык анализи / Ж. Р. Шербаева, Э. А. Абдибалиев // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2021. – No. 9. – P. 282-286. – EDN
3. Рысбаев С.К. ж. б. Адабий окуу: Кыргыз мектептеринин 4-класстары үчүн окуу китеби./ С. К. Рысбаев, К. Ибраимова, Б. А. Абдухамидова, – Б.: 2015. – 168 б., сүрөт.
4. Абдухамидова Б.А. ж. б. А13 Адабий окуу: 3-класс үчүн окуу китеби. – Б.: Полиграфбумресурсы, 2014. – 184 б.,
5. Интернет булагы. https://kyrgyz-audio.com/kyrgyz-el-zhomoktoru/
6. Заилова, Ж. Ж. Башталгыч класстын окуучуларынын экологиялык түшүнүктөрүн калыптандырууда окуп түшүнүү көндүмүнүн ролу / Ж. Ж. Заилова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2023. – No. 3. – P. 156-159. – DOI 10.26104/NNTIK.2023.94.64.032. – EDN VPLBIB.
7. Жалилова, С. Б. Кенже мектеп окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандырууда элдик кенч-казыналарынын тийгизген таасири / С. Б. Жалилова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2024. – Vol. 2, No. 2(24). – P. 102-106. – DOI 10.56122/..v2i2.217. – EDN ZVYCFT.